№ 1 ТИРКЕМЕ

Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттардын жана аларды камтыган товарлардын мүнөздөмөлөрү жөнүндө нотификация тууралуу жобого карата

## Евразиялык экономикалык биримдиктин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органына берилген нотификациялар жөнүндө маалыматттардын файлынын түзүмү

Нотификациялар жөнүндө маалыматтардын файлы Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органына *.xls. форматында берилиши керек. Белгиленген файлдын түзүмүнүн сыпаттамасы таблицада келтирилген.

| Түзүмдүн элементинин аталышы | Талаанын тиби | Мазмундун мааниси | Милдеттүүлүк |
|---|---|---|---|
| 1. Номуру[1] | символдук | каттоо номуру | жок |
| 2. Товардын аталышы | символдук | товардын аталышы | ооба |
| 3.Товардын өндүрүүчүсү | символдук | товардын өндүрүүчүсү | ооба |
| 4. Нотификацияны каттоо датасы[1] | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификацияны каттоо датасы | жок |
| 5. Күчүндө болуу мөөнөтү | КК.АА.ЖЖЖЖ форматындагы дата | нотификациянын күчүндө болуу мөөнөтү | ооба |
| 6. Статус[1] | логикалык | нотификациянын статусунун күчүндө/жокко чыгарылган деген маанилери бар | жок |
| 7. Идентификатор[2] | символдук | товардын идентификатору (12-орундуу код) | ооба |

'Евразиялык экономикалык бирликтин мүчө мамлекетинин макулдашуучу органы тарабынан толтурулат.

[2]Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме) № 3 тиркемеде каралган форма боюнча

нотификациянын 4-пунктуна киргизилген маалыматтардын негизинде толтурулат .

Көрсөткүчтүн мааниси 12 белгиден түзүлөт, алардын ар бири шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттар болуп саналган же шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды курамында камтыган товарлардын категорияларынын тизмегинин ырааттуу номуруна ылайык келет, алардын техникалык жана криптографиялык мүнөздөмөлөрү Шифрлөөчү (криптографиялык) каражаттарды Евразиялык экономикалык бирликтин бажы аймагына алып келүү жана Евразиялык экономикалык бирликтин аймагынан алып чыгуу жөнүндө жобого (Евразиялык экономикалык комиссия Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги № 30 чечимине карата № 9 тиркеме) карата № 4 тиркемеде каралган нотификацияга жатат. Идентификатордун символунун ырааттуу номурунун мааниси белгиленген тизмектин пунктунун номурунун маанисине барабар болсо, андан символго бир мааниси, башка учурда – нөль мааниси берилет